**БЕКИТЕМИН**
С.Нааматов атындагы НМУнун
Агрардык техникалык-экономикалык
колледжинин Педагогикалык кеңешинде
каралды жана бекитилди
«27» 08 202_-жыл. Протокол № 1.
АТЭКтин директору ________ Жаныбек у Р.

# АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН "КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК КЕҢЕШИ" ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБОСУ

# 1. Жалпы жоболор

1. С.Нааматов атындагы Агрардык техникалык-экономикалык колледждин Көзөмөлчүлүк кеңеши (мындан ары - Кеңеш) юридикалык статуска ээ эмес, ал Кыргыз Республикасынын «Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндөгү» мыйзамынын, колледждин уставынын жана ушул жобонун негизинде иш алып баруучу, колледждин окутуу процессин, иш жүргүзүүдөгү эффективдүүлүгүн камсыздоого, колледжи өнүктүрүүгө, бюджеттен сырткаркы каражаттарды тартууга, Педагогикалык курамдын жана кызматкерлердин иштөө шарттарын жакшыртууга багытталып түзүлгөн орган.

1.2. Кеңеш өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына, «Билим берүү жөнүндөгү», «Көзөмөлчүлүк кеңеши жонүндөгү» мыйзамдарына, башка мамлекеттик деңгээлдеги нормативдик актыларга жана колледждин уставына ылайык жүргүзөт.

1.3. Кеңеш мамлекеттик органдарда, жергиликтүү башкаруу органдарында жана жарандык коомдогу уюмдарда иштеген, билим берүү тармагынын иш жүргүзүүсү боюнча жетишээрлик маалыматы жана түшүнүгү бар адамдардын ичинен түзүлүп ыктыярдуу жана туруктуу түрдө иш алып барат.

1.4. Кеңештин курамынын ыйгарым укуктары арыз дайындалган учурдан башталып, иштее мөөнөтү аяктаганга чейин созулат. . ,

1.5. Кеңештин иш алып баруусу колледждин директору тарабынан макулдашылган Кеңештин иш планына ылайык жүргүзүлөт.Кеңеш айрым учурларда түзүлгөн зарылчылыктарга карата кезексиз отурумдарын жургүзө алат.

1.6. Кеңештин чечимдери буйрук катары каралбайт, ал кеңеш берүүчүлүк жана сунуштоочулук мүнөзгө ээ болот.

# 2. Кенештин максаты жана милдеттери

2.1. Кеңештин максаты колледждин жетекчилигине

> билим берүү кызматтарынын сапатын жакшыртууга;

> педагогикалык курамдын жана кызматкерлердин ишин жакшыртууга;

> колледждин ичиндеги жүргүзүлүүчү иш чараларды жакшыртууга;

> бюджеттен тышкаркы каражаттарды тартуугажана аны туура пайдаланууга;

> колледждин каражаттарыныш корогулушунун ачыктыгын камсыздоого;

> колледжди өнүктүрүүнүн чараларын иштеп чыгууга багытталат.

2.2. Кеңештин милдеттери:

> колледждин ишмердүүлүгүнүнүн уюштурулушунун эффективдүүлүгүн камсыздоого шарттарды түзүүгө көмөктөшүү.

> колледж тарабынан билим берүү тармагы мамлекеттик саясатын ишке ашыруудагы коюлган максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруудагы, билим берүүдөгү сапаттык көрсөткүчтөрдү, кадрдык потенциалды жогорулатуудагы жургүзүлүп жаткан иш-чаралардын эффектүүлүгүн камсыздоо көмөктөшүү, бул багыттагы зарыл болгон сунуштарды иштеп чыгуу;

> мамлекеттик органдар, жергиликтүү башкаруу органдары жана жарандык коомдун уюмдары, эл аралык уюмдар менен натыйжалуу иш алып баруусуна жана кызматташуусуна ар тараптуу кемек көрсөтүү,

> Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген шарттарда колледж үчүн бюджеттен тышкары кошумча каржы булактарын (инвестицияларды, акча каражаттарын жана ресурстарды) тартууга көмөктөшүү.

## 3.Кеңештин ыйгарым укуктары

3.1. Ыйгарым укуктарын пайдалануу менен Кеңеш:

1) Колледждин администрациясы жана уюштуруучусу тарабынан кабыл алынуучу окуу жайды өнүктүрүүгө багытталып түзүлүүчү стратегиядык иш пландарын түзгөнгө жана аны талкуулап өзгөртүүгө, билим берүү кызматтарын жакшыртууга багытталган иш-чараларды иштеп чыгууга катыша алат; .

2) бюджеттен тышкаркы каражаттардыш көрсөтүлүшүн көзөмөлдөөгө катыша алат;

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдык актыларына каршы келбеген шарттарда колледжди өнүктүрүү максаттарында донорлорду жана кошумча каржы булактарын издөөгө жана тартууга катыша алат.

3.2. Ыйгарым укуктарын аткарууда Кеңеш өзүнүн компетенциясынын чегинде укуктуу:

> Агрардык техникалык-экономикалык колледждин кызыкчылыктарын коргоого;

> колледждин өнүктүрүү стратегиясын түзүүгө жана аны өзгөртүүгө багытталган сунуштарды берүүгө;

> билим берүү кызматтарын жакшыртууга багытталган сунуштарды берүүгө;

> колледждин билим берүү тармагындагы жана административдик, каржы-чарбалык ички нормативдик укуктук актыларын өзгөртүүгө жана жакшыртууга сунуштарды берүүгө;

> өзүнүн отурумдарына колледждин кызматкерлерин, педагогикалык курамдын мүчөлөрүн, мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдарынын, коомчулуктагы кызыкдар тараптардын өкүлдөрүн чакырууга;

> зарыл болгон учурларда колледждин кызыкчылыгы боюнча сырттан эксперттерди, консультанттарды, аудиторлорду чакырууга. мониторинг жүргүзүүгө, жумушчу топторду түзүүгө;

> Кеңеш зарыл болгон шарттарда колледждин кызыкчылыгы үчүн Кенештин мүчөлөрүнөн турган туруктуу жана убактылуу иш жүргүзүүчү комиссияларды түзүүгө;

> колледждин администрациясынан колледждин билим берүү, админстративдик, чарбалык ишмердүүлүгү боюнча бардык керектүү документтерди жана маалыматтарды (мамлекеттик маанидеги жашыруун маалыматтардан сырткары) суроого;

> финансылык органдардын жүргүзгөн колледждин ишмердүүлүгү боюнча текшерүүлөрүнүн жыйынтыктары менен таанышууга;

> колледждин ишмердүүлүгүндөгү мыйзам бузуулар болгон учурда мамлекеттик органдарга, укук коргоо органдарына жана кызматкерлерине тиешелүү чараларды кабыл

алуу максатында маалыматтарды берүүгө;

> колледждин ишмердүүлүгү боюнча коомчулуктуи пикирин аныктагаи маалыматтар менен таанышууга же бул багыттагы сурамжылоолорду, изилдөөлөрдү жүргүзүүгө;

> колледждин каржылык ишмердүүлүгү боюнча коомдук угууларга катышууга жана ыйгарым укуктарынын чегинде сунуштарын берүүгө.

3.3. Ыйгарым укуктарын аткаруу менен Кеңеш милдеттүү:

1) Кеңеш тарабынан иштелип чыккан иш планын бекиттирүүгө;

2) колледждин жетекчилиги, анын уюштуруучулары, жергиликтүү башкаруу органдары,
коомчулуктагы кызыкдар тараптар менен туруктуу түрдө тыгыз байланышта иш алып баруууга; _

3) көрсөтүлүүчү социалдык кызматтардын эффективдүүлүгүнө анализ жүргүзүүгө жана аларды жакшыртууга багытталган сунуштарды киргизүүгө;

4) өзүнүн ишмердүүлүгү жана анын натыйжалары боюнча жылдык отчеттуулукту даярдоого, түзүлгөн отчетту колледждин жетекчилигине берүүгө, ишмердүүлүгүнүн натыйжалары боюнча маалыматгарды ММК, жергиликтүү башкаруу органдары жана коомчулуктагы кызыкдар тараптарга билдирүүгө;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдык актыларына карама-каршы келбеген шарттарда кошумча каржы булактарын тартуу боюнча иш алып барууга;

6) укуктарга ээ мамлекеттик органдардыш талаптары боюнча Кеңештин ишмердүүлүгү боюнча отчетторду берүүгө.

**4. Кеңешти түзүүнүн эрежелери жана шарттары**.

4.1. Агрардык техникалык-экономикалык колледждин Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү боло алышат:

1) социалдык чөйрөдөгү же коомдук ишмердүүлүк жүргүзүүчү мекемелердеги иш тажрыйбага ээ болгон Кыргыз Республикасынын эмгекке жарамдуу бардык жарандары;

2) ишкерлик чөйрөнүн, илимий жана билим берүү тармактарынын, социалдык жана маданий чөйрөдөгү мекемелердин, мамлекеттик эмес жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү;

3) коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, студенттик жана ата-энелер бирикмелеринин өкүлдөрү.

4.2. Кеңештин курамы 5-11 адамдан кем болбошу керек. Анын мүчөлөрүн аныктоо ББжИМнин, жергиликтүү башкаруу органдарынын, жергиликтүү кеңештин, колледждин админстрациясынын өкүлдөрүнөн турган атайьш комиссия тарбынан жүргүзүөт.

4.3. Түзүлгөн атайын комиссия Көзөмөлчүлүк кеңешин түзүү боюнча маалыматтарды ММКга, ББжИМнин веб-сайтына жарыялайт. ,•

4.4. Кеңешке мүчө болууга кызыкдар жеке тараптар жана уюмдар, мекемелер өздөрүнүн же өкүлдөрүнүн талапкерлигин сунушташат.

4.5. Жарыя берилгенден баштап 30 күндүн аралыгына чейин атайын комиссия тарабынан

талапкерлердин арасынан Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү тандалып алынат.

4.6. Кеңештин курамы ББжИМнин, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын, жергиликтүү кеңештин макулдугу менен атайын комиссия тарабынан аныкталат.

4.7. Кеңештин ыйгарым укуктары 5 жылга созулат. Бир эле адам кайрадан Кеңештин мүчөлүгүнө шайланууга укуктуу.

4.8. Колледждин уюштуруучулары, админстрациясынын өкүлдөрү Кеңешке мүчө болуп шайлана алышпайт.

4.9. Кеңештин мүчөлөрү ошол эле учурда башка социалдык мекемелердин мүчөсү болуп иштей алышпайт.

**5. Кеңештин мүчөлөрүнүн милдеттери, укуктары жана жоопкерчиликтери.**

5.1. Кеңештин мүчөлөрү милдеттүү:

> Кеңештин отурумдарына жана ишине катышууга;

> Кеңештин мүчөсүнө таандык жүрүм турум жана иштөө этикасын сактоого;

> Кеңештин чечимдерин аткарууга;

> мыйзамда жана колледждин уставында белгиленген милдеттенмелерин аткарууга;

> өзүнүн ишин жана милдеттенмелерин аткарууда ар дайым билим берүү кызматын пайдалануучу тараптардын кызыкчьшыктарын коргоого.

5.2. Кенештин мүчөсү укуктуу:

> Кеңеш тарабынан жана Кыргыз Республикасьшьш ББжИМ, жергиликтүү кеңеш тарабынан түзүлгөн жумушчу топтордун, комиссиялардын ишине катышууга;

> Колледж тарабынан өткөрүлүүчү отурумдардын, жыйындардын ишине байкоочу катары катышууга;

> Кеңештин мүчөлөрүнүн же терагасынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнөн мурда токтотулушуна түшүнүк берүүгө; .

> К.Рнын мыйзамдык актыларында жана колледждин уставында белгиленген башка укуктарын пайдаланууга.

5.3. Кеңештин мүчөсү Кенеш тарабынан кабыл алынган же макулдашылган чечимдерди, документтерди, маалыматтарды мамлекеттик органдарга, коомчулуктагы кызыкдар тараптарга билдирүүгө, ММКга жарыялоого укуктуу.

5.4. Кеңештин мүчөсү жооп берүүгө милдеттүү:

> Анын аракеттери же аракетсиздиги тарабынан келип чыккаи зыяндуу иштерге. Эгер мындай иштерге түздөн-түз тиешеси болбосо, тагыраак белгилегенде колледж үчүн кабыл алынган туура эмес чечимге добуш бербесе, жүйөөлүү себептер менен отурумга катышпаса юридикалык жактан жоопкерчиликтүү болуп саналбайт;

> Кыргыз Республикасьшьш мыйзамдык актыларына, колледждин уставына жана ушул жобого каршы келген аракеттерди жасаганда.

**6. Кеңештин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын токтотулушу.**

6.1. Кеңештин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары токтотулат:

> Шайлангандан кийинки иштөө мөөнөтү аяктаганда;

> Өз ыктыяры менен өзүнүн жазуу түрүндөгү кайрылуусу боюнча;

> Өлкөнүн аймагынан биротоло же узак мөөнөткө чет жакка кеткенде:

> КРнын мыйзамдык актылары боюнча жоопкерчиликке тартылып жаза өкүмү чыгарылганда;

> Медициналык бүтүм боюнча жумушка жараксыз деп аныкталганда же каза болгондо;

> Колледждин кызыкчылыктарына зыян келтиргенде, жүрүм-турум жана иштөө этикасын бузганда;

> Жүйөөлүү себептерсиз Кеңештин отурумдарына катары менен беш жолудан ашык катышпай калганда.

6.2. Кеңештин мүчөсүн мөөнөтүнөн мурда бошотуу Кеңештин жалпы мүчөлөрүнүн үчтөн экисинин добуш берүүсү менен жүргүзүлөт.

6.3. Кеңештин мүчөлүгүнө бош орунга кабыл алуу, ушул Жободо белгиленген тартипте кабыл алынат.

## 7. Кеңештин ишин уюштуруу

7.1. Кеңеш өз ишин төмөндөгү принциптерде жүргүзөт:

- Көз карандысыздык;
- Ачыктык;
- Коллегиалдуулук;
- Ак ниеттик;
- Мыйзамдуулук.

7.2. Кеңештин биринчи отурумун анын мүчөлөрүнүн ичинен жашы улуусу алып барат. Ушул эле отурумда анын төрагалыгына талапкерлер сунушталат, ошол эле учурда ар бир мүчө өзүнүн талапкерлигин өзү сунуштай алат.

7.3. Талапкерлер көргөзүлгөн соң, тераганы шайлоо ачык түрдө добушка коюлат.

7.4. Добуш берүүдө баарынан эң көп добуш алган талапкер төрага болуп шайланат.

7.5. Төраганын ыйгарым укуктары бир жылга чейин жаңы төрага шайлангыча улантылат.

7.6. Жаңы төраганы шайлоо мурунку төраганын иштөө мөөнөтү аяктаган учурда, т.а. иштеген жылынын акыркы айында жүргүзүлөт.

7.7. Жүйөөлүү себептер менен шайлоо убагында өткөрүлбөсө мурунку төрага жаңы төрага шайлангыча иштеп турат.

7.8. Төрага отурумга катышпай калган учурда Кеңештин мүчөлөрүнүн бири Кеңештин мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн чечими менен анын милдетин убактылуу аткарып турат.

7.9. Кеңештин төрагасы:

> Кеңештин ишин уюштурат;

> Кеңештин атынан мамлекеттик органдар, жергиликтүү башкаруу органдары жана башка тараптар менен байланыштарды жүргүзөт;

> Кеңештин иш планын түзөт жана анын мүчөлөрүнө бекиттирет;

> Кеңештин отурумун чакырат;
> Талкууланчу маселелерди жыйындын кароосуна алып чыгат;
> Кеңештин отурумуна төрагалык кылат;
> Кеңештин кароосуна берилген материалдарды текшерет;
> Кеңештин ыйгарым укуктарына тиешелүү башка иштерди кароону уюштурат;
> Кеңештин ишмердүүлүгү боюнча маалыматтарды тиешелүү тараптарга жеткирүүнү уюштурат;
> Кенештин чечимдерине ылайык башка функцияларды аткарат.

7.9.1. Төрага ишти жакшы алып бара албай жатат деп Кеңештин мүчөлөрүнүн көпчүлүгү тарабынан таанышса, анын ыйгарым укуктары добуш берүүнүн жыйынтыгы менен (көпчүлүктүн добушу менен) мөөнөтүнөн мурда токтотулуусу мүмкүн.

7.9.2. Жогоруда белгиленгендей учурда Кенеш тарабынан кайрадан төраганы шайлоо жүргүзүлөт.

7.10. Кеңештин катчысы:

> Кеңештин отурумдарына даярдык жүргүзөт, анын мүчөлөрүнө алдын ала маалымат жеткирет;
> Отурумдун протоколун түзөт;
> Кеңештин иштери боюнча тиешелүү иш кагаздарын уюштурат жана жүргүзөт;
> Кеңештин чечимдеринин аткарылуусу боюнча маалыматтарды анын мүчөлөрүнө жеткирет;
> Милдеттенмелеринин жана ыйгарым укуктарынын чегинде Кеңештин жана анын төрагасынын тапшырмаларын аткарат;
> Кеңештин катчысы төрага шайланган соң, ошондой эле тартипте, анын мүчөлөрү тарабынан шайланат;
> Кеңештин катчысы анын мүчөлөрүнүн ичинен же колледждин кызматкерлеринин ичинен шайланат.

7.11. Кецештин отуруму:

1) Биринчи отурумда белгиленген тартипте Кеңештин төрагасы жана катчысы шайланат.
2) Кеңештин отуруму анын мүчөлөрүнүн үчтөн экисинин катышуусунда гана жүргүзүлөт.
3) Кеңештин ар бир мүчөсү бир добушка ээ.
4) Кеңештин отуруму ачык түрдө кварталына бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт.
5) Кеңештин отурумдарынын мезгилдүүлүгү анын жылдык иш планында бекитилет.
6) Кеңештин мүчөлөрү кезексиз отурум чакыруу сунушун киргизүүгө акылуу жана аны кабыл алуу коллегиалдуу добуш берүүнүн жыйынтыгы менен чечилет.
7) Өзү катыша албай калган учурда анын сунушу жазуу түрүндө болгон учурда Кеңештин кароосуна коюлат.
8) Кеңештин отурумдарына анын чакыруусу жеке демилгелери менен бардык

тиешелүү жана кызыкдар тараптардын өкүлдөрү катыша алат.

10) Кеңештин чечимдери көпчүлүк добуш менен кабыл алынып протоколго түшүрүлүп, төрага жана катчынын колу коюлат.

11) Кеңештин ишмердүүлүгү боюнча маалыматтарды официалдуу веб-сайттарга же ММКга чагылдырууга болот.

**8. Кеңештин ишин финансылык жактан камсыз кылуу.**

1) Кеңеш өз ишин уюштуруу учун КРгы мыйзамдарга карама-каршы келбеген булактардан финансылык жана башка материалдык каражаттарды тартууга укуктуу.

2) Кеңеш тарабынан тартылган акчалай каражаттарды топтоштуруу үчүн колледждин жетекчиси банкта мекеменин топтомо эсебин ачат.

3) Акчалай каражаттары эсептен Кеңештин чечиминин негизинде, анда көрсөтүлгөн дайындуу максаттарга гана алынышы мүмкүн.

4) Кеңеш акчалай каражаттарды өз ишин уюштурууга, бирок түшкөн сумманын 2 пайызынан көп эмесин пайдаланууга укуктуу.

5) Кеңеш жыл аягында өз иши жөнүндө ММКда отчёт жарыялайт.

**9. Кеңештин мамлекеттик органдар, социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенүүсү.**

1. Кеңештин иш планынын көчүрмөсү аны бекиткен күндөн тартып 5 жумушчу күндөн кечиктирбестен, ошондой эле ага ар бир өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгенден кийин колледждин админстрациясына, ошондой эле жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, жергиликтүү кеңешке жана КР ББжИМне милдеттүү тартипте жиберилет.

2. КР ББжИМ, колледждин уюштуруучусу С.Нааматов атындагы НМУнун жетекчиси, жергиликтүү мамлекеттик администрация, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жана социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кеңештин жыйналышынын күн тартибине киргизүү үчүн Кеңештин кароосуна маселелерди киргизүүгө укуктуу.

3. Мамлекеттик органдар, КР ББжИМ, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын мекемелери мамлекеттик же башка мыйзам менен корголуучу жашыруун сырды түзгөн маалыматтарды кошпогондо Кеңештин суроо-талаптары - боюнча зарыл маалыматтарды берет.

4. Кештин ишин уюштуруучулук жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу (Кеңештин жыйналыштары үчүн орун жайды камсыз кылуу, орун жайды талкууланган маселелер боюнча маалымдама-маалыматтык материалдарды көрсөтүү үчүн зарыл техникалык каражаттар менен жабдуу, материалдарды көбөйтүү ж.б.) Кеңеш тарабынан жүзөгө ашырылат.

**10. Кеңештин ишин токтотуу.**

1. Кеңеш колледж кайра уюштурулган учурунда өз ишин токтотот.

2. Кайра уюштурууда (кошулуу, бөлүнүү, биригүү, бөлүп чыгаруу) колледж бир мекемеде бир Кеңеш аракеттенет.

**11. Кецештин ишин координациялоо**

11.1. Өз ишин координациялоо үчүн кеңештер кеңештердин мүчөлөрүнүн коомдук бирикмесине белгиленген мыйзамдын чегинде (мындан ары - Бирикме) ыктыярдуу биригүүгө укуктуу.

11.2. Бирикме юридикалык жак болуп саналат жана мыйзамда белгиленген тартипте түзүлөт.

11.3. Бирикме КР “Көзөмөлчүлүк кеңеши ” жөнүндө мыйзамдын негизинде төмөнкү иш- милдеттерди жүзөгө ашырат:

\> Кеңеш үчүн кадрларды даярдоого көмөктөшүүнү;

\> кеңештердин милдеттерин жана максаттарын жалпыга маалымдоо каражаттарында пропагандалоону;

\> Кеңешке усулдук жардамдарды көрсөтүүнү;

\> Кеңештин мүчөлөрү жана башка адамдар үчүн укуктук жана башка темаларда дареметти жогорулатуу боюнча коммуникативдик, маалыматтык, консультативдик иш-чараларды өткөүүнү;

\> көзөмөчүлөрдү сыйлоонун ар кандай түрлөрүнө көрсөтүүнү;

\> социалдык чөйрөдөгү мекемелерде Кеңеш түзүү жана, башка функциялары мамлекеттик денгээлдеги нормативдик актыларга жана колледждин уставына ылайык жүргүзөт.

11.4. Өз ишин жүзөгө ашыруу үчүн Бирикме мыйзамга карама-каршы келбеген каржылоо булактарын тартууга укуктуу.

11.5. Бирикмеге жетекчиликти 7ден кем эмес мүчөдөн турган, уюштуруу жыйналышында шайланган башкармалык жүзөгө ашырат. Башкармалыктын мүчөлөрү өз ишин акысыз негизде жүзөгө ашырышат.

11.6. Бирикменин учурдагы иши Бирикме мүчөлөрүнүн ичинен түзүлгөн Бирикменин катчылыгы же келишимдик негизде тартылган адистер тарабынан жүзөгө ашырылат.